*УДК: 811.512.1:2-335*
*DOI: 10.35254/bhu/16948130_2021_55_73*

*Сатиев А.,*
*К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети, аспирант*

# ТҮРК ТИЛИНДЕГИ МУРАСТАРДЫН АЛГАЧКЫ ҮЛГҮЛӨРҮ

**Кыскача мазмуну**

*Байыркы доорлордо жана Орто кылымдардын баштапкы мезгилдеринде Борбордук Азиянын мейкиндеринде жашаган түрк тилдүү элдерден чыккан ойчулдар, илим-билимдүү чыгармачыл инсандар түрк тилдеринде түрдүү формадагы жана мазмундагы эмгектерди жарата башташкан. Алар синкретикалык, универсалдуу мүнөзгө ээ болуп, көп жактуу маалыматтарды камтыйт. Бул доорлордун адабий эстеликтерин Түрк цивилизациясынын үлгүлөрү деп саноого болот. Түрк тилиндеги эң алгачкы эстеликтердин бири болуп Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиги» («Кут алчу билим») эсептелет. Анын жаралышы менен түрк жазма тили пайда болуп, түрк тилиндеги адабияттардын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. Түрк тилиндеги мурастардын арасында Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» аттуу чыгармасы да салмактуу орун ээлейт. «Диван лугат ат-түрк» лингвистикалык, фольклористикалык, тарыхый-этнографиялык булак катары азыркыга чейин илимий кызыгуунун объектиси болуп келе жатат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *түрк элдери, түрк тили, араб жазуусу, караханиддер, мурас, Жусуп Баласагын, «Кутадгу билиг», дидактикалык чыгарма, Махмуд Кашгари, «Диван лугат-ат түрк», сөздүк.*

# РАННИЕ ОБРАЗЦЫ НАСЛЕДИЙ НА ТЮРКСКОМ ЯЗЫКЕ

**Аннотация**

*В древние времена и в раннем средневековье тюркоязычные мыслители и образованные люди, проживавшие в Центральной Азии, начали создавать произведения в различной форме и содержания на тюркских языках. Они синкретичны, универсальны и многогранны. Литературные памятники этих эпох можно рассматривать как образцы тюркской цивилизации. Одним из первых памятников на тюркском языке является «Кутадгу билиг» Юсуфа Баласагына («Благодатное знание»). С его появлением возник тюркский письменный язык, который оказал большое влияние на развитие тюркоязычной литературы. Произведение Махмуда Кашгари «Диван лугат ат-тюрк» занимает значительное место среди тюркоязычного наследия. «Диван лугат ат-тюрк» как лингвистический, фольклорный, историко-этнографический источник по-прежнему служит объектом научного интереса.*

***Ключевые слова:*** *тюркские народы, тюркский язык, арабская письменность, наследие, Юсуф Баласагын, «Кутадгу билиг», дидактический труд, Махмуд Кашгари, «Диван лугат-ат тюрк», словарь.*

# THE FIRST EXAMPLES OF TURKIC LANGUAGE HERITAGE

**Abstract**

*In ancient times and in the early Middle Ages, Turkic-speaking thinkers and educated people living in Central Asia began to create works of various forms and contents in the Turkic languages. They are syncretic, universal and multi-faceted. The literary monuments of these epochs can be considered as examples of the Turkic civilization. One of the first monuments in the Turkic language is «Kutadgu bilig» by Yusuf Balasagyn («Blessed Knowledge»). With its appearance, the Turkic written language emerged, which had a great influence on the development of Turkic-language literature. The work of Mahmud Kashgari «Diwan lugat at-turk» occupies a significant place among the Turkic language heritage.*

***Key words:*** *Turkic peoples, Turkic language, Arabic script, heritage, Yusuf Balasagyn, «Kutadgu bilig», didactic work, Mahmud Kashgari, «Diwan lugat-at turk», dictionary.*

Байыркы замандарда жана орто кылымдардын баштапкы мезгилдеринде Азиянын, өзгөчө, Борбордук Азиянын учу-кыйырсыз мейкиндеринде өмүр-тиричилик өткөргөн ар түркүн элдер, уруулар бирде ынтымакка келип, эбегейсиз күч-кубатка ээ болгон биримдикке баш кошушса, бирде ички-сырткы факторлордун аркасында бытырап таркап күн кечирип келишкен. Коомдук-саясий турмуштун кандай шарты болбосун, ошол элдерден чыккан ойчулдар, илим-билимдүү чыгармачыл инсандар түрдүү формадагы жана мазмундагы эмгектерди жаратып, ал замандардын эстелиги катары кийинки муундарга мурас калтырышкан. Мындай эмгектерди бир жактуу адабий, же тарыхый, же философиялык, же лингвистикалык, болбосо илимдин тигил же бул багытындагы илимий эмгек деп так дифференциялоого болбойт. Алар синкретикалык, универсалдуу мүнөзгө ээ болуп, көп жактуу маалыматтарды камтыйт. Далай элге, өзгөчө, түрк тилдүү тектеш элдерге данакер болгон, эмгектери бүтүндөй түрк-ислам дүйнөсү үчүн орток мурас болгон даңктуу инсандардын катарында кимдерди атай алабыз? Борбор Азия чөлкөмүнөн эле бир канча ысымды атоого болот: Аристотелден кийинки «Экинчи мугалим» деген атакка ээ болгон философ Фараби (870–950), энциклопедист-аалымдар Абу Райхан Беруни (973–1050) жана Ибн Сина (980–1037), чыгыш илиминдеги астрономиянын туу чокусун жараткан Улугбек (1394–1449) ж.б. Бул тизмеге Ала-Тоо чөлкөмүнөн чыккан Махмуд Кашгари менен Жусуп Баласагынды сыймыктануу менен кошууга болот. Бул эки инсандын эмгектери түрк адабий тилдеринин башатында, орток түрк мурастарынын, Түрк цивилизациясынын үлгүлөрүнүн алдыңкы сабында турушат.

Арийне, түрк адабий тилдери да, түрк тилдүү адабияттар да эле, болбосо кыска убакыттын аралыгында эле бүгүнкү абалына жете койбогону, өнүгүп калыптануунун татаал, кээде карама-каршылыктар орун алган эволюциялык жолу басып өткөнү белгилүү. Түрк жазмаларынын, жазма тилинин жана адабиятынын эң алгачкы эстеликтери болуп ташка чегилген орхон-энесай рун жазма эстеликтери эсептелип жүрөт, бул эстеликтер V–VIII кылымдарга таандык экени маалым.

Түрк тилдүү элдерде жана урууларда рун жазмасы менен катар уйгур жазмасы да колдонулганы тууралуу маалыматтар белгилүү. Бул жазма менен жазылган манихей мазмунундагы алгачкы эстеликтер V кылымга таандык. Андан кийин буддизмдик мазмундагы кол жазмалар, юридикалык документтер, көркөм сөз үлгүлөрүнүн айрым бир фрагменттери да ушул жазуу менен жазылганы илимий изилдөөлөрдө айтылып жүрөт. Уйгур жазуусу менен жазылган алгачкы түрк тилдүү документтер жана эстеликтер болуп буддизм, манихей, христиан диндерине тиешелүү ыйык китептердин котормолору болгон.

Алгачкы түрк жазмалары (рун жазуусу, уйгур жазуусу) менен жазылган эстеликтерлин дээрлик басымдуу бөлүгү окулуп, илимий изилдөөлөргө алынган. Бул багытта В. В. Радлов, В. Томсен, С. Е. Малов, П. М. Мелиоранский, Х. Н. Оркун, В. Л. Котвич, А. фон Габэн, Г. Рамстед, И. А. Батманов ж.б. түркolog — чыгыштаануучу окумуштуулардын эмгектери бар экени белгилүү.

Биз төмөндө Караханиддер доорундагы түрк авторлору Махмуд Кашгари жана Жусуп Баласагын, алардын орток түрк мурастарына кирген «Кутадгу билиг» жана «Диван лугат-ат түрк» эмгектери тууралуу кыскача сөз кылууну туура көрдүк.

Тарыхка кайрылсак, 636-жылы Борбор (Орто) Азияга арабдардын алгачкы чабуул, баскынчылыктары башталган. VIII кылымдын башында бүткүл Борбор Азияны арабдар каратып алат. Араб баскынчылыгынын жана исламдаштыруунун натыйжасында бул аймакта араб тилинин үстөмдүгү башталат: ал буга чейин үстөмдүк кылып келген фарси тилин адабияттан, дин чөйрөсүнөн, илимден жана, атүгүл, административдик башкаруудан сүрүп чыгат. Бирок X кылымдын орто ченинде фарси тили кайрадан үстөмдүк ролго ээ болуп, араб тили экинчи планга жылдырылганы маалым.

X кылымдан тартып түрк тилдүү элдер жана уруулардын Борбор Азияга отурукташуусу күч ала баштаган. Булар, негизинен, караханиддер болуп, алар саманиддердин башкаруусун кулатышат. Түрк-караханиддердин уруулук курамы толук такталбаганы маалым. Бирок саманиддер доорунда эле айрым түрк тилдүү уруулар Борбор Азияга көчүп келип, орун ала башташканы белгилүү. Бул кыймыл 990-жылы Бухаранын кулашы менен аяктаган.

Убакыттын өтүшү менен түрк тилдүү элдер жана уруулар отурукташкан турмушка өтө башташат. Бул уруулар жергиликтүү (негизинен, тажик тилдүү) элдер, уруулар менен аралашып, ассимиляцияга дуушар болушат. Мындай аралашуудан келип чыккан эл пикир алышууда, негизинен, түрк тилин колдонушкан.

Караханиддер исламды 960-жылы кабыл алышат, ал эми көптөгөн түрк уруулары бул динге андан кыйла мурун өтүшкөн. Ислам менен кошо түрк уруулары араб алфавитин да кабыл алышкан, араб алфавити узак убакыттар бою эски уйгур жазуусу менен катарлаш колдонулган. Тилекке каршы, XI кылымдан мурунку убакытка таандык болгон, араб жазуусу менен жазылган түрк тилиндеги бир дагы эстелик биздин күндөргө жеткен эмес. Ошондуктан ислам доорунун алгачкы мезгилиндеги жазма эстеликтер тууралуу айтуу кыйын.

Түрк тилиндеги эң эски эстеликтердин сап башында Жусуп Хас Хажиб Баласагындын «Кутадгу билиги» («Кут алчу билим») турат. Улуу ойчул, акын, саясаттаануучу, мамлекеттик ишмер Жусуп Баласагын 1015-жылы, айрым маалыматтар боюнча 1016-жылы Караханиддер мамлекетинин биринчи борбору Баласагын шаарында (Чүй өрөөнүнүн чыгышындагы азыркы Токмок шаарына жакын жерде) туулган. Анын өмүр баяны жөнүндө маалыматтар толук эмес. Бирок автор өзү жөнүндө жазып кеткен кээ бир фактыларды анын «Кутадгу билиг» поэмасынан кездештирүүгө болот. Изилдөөчүлөрдүн эсеби боюнча, поэманы жазып бүткөн мезгилде Жусуп Баласагын 54 жашта болгон. Автор дастанын Баласагын шаарында баштап, 1070-жылы Кашкарда аяктап, баш аягы 18 айда бүтүргөн да, Кашкар шаарынын башкаруучусу, «хандын ханы» деп аталган Тавгач Буура Карахан Абу-Али-Хасанга тартуу кылган. Ал поэманын терең мазмунун түшүнүп, алкыш иретинде акынга «Улуг-Хас-Хажиб» деген наам берген. «Улуг-Хас-Хажиб» — хан ордосунда кызмат өтөгөн өтө кадырман адамдын наамы.

Автор өз дастанын түрк тилиндеги алгачкы эмгек катары сыпаттаган. Бирок эстеликтин тилинен байкал-

гандай, түркиче адабий салт буга чейин эле орун алып келгендей. Ырас, «Кутадгу билигдин» пайда болушуна кыйла узак даярдык мезгили өбөлгө түзгөнү түшүнүктүү, дал ушул мезгилде уйгур, карлук жана башка уруулар менен элдердин, анын ичинде огуздардын тилдеринин базасында жазма түрк тили түзүлгөн. Бул мезгилге карата уйгур тилинде түрдүү мазмундагы көптөгөн эмгектер жаралган. Ошондуктан туюндуруунун ык-амалдары кыйла иштелип калган системасы бар уйгур тили караханиддер доорундагы жазма түрк тилине, айрыкча, анын пайда болуп өнүгүүсүнүн алгачкы мезгилинде өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Андан кийин карлуктар жана огуз урууларынын кээ бир бутактары уйгурлар менен аралашып, кошулуп кетет да, жалпы жазма тилди жана жалпы маданиятты жаратышкан. Ошого байланыштуу, «Кутадгу билигдин» тили байыркы уйгур тилинен айырмаланарын изилдөөчүлөр көрсөтүшкөн.

Аталган дастан бизге үч варианттагы кол жазма түрүндө жеткен. Алар Каирде, Венада жана Ташкентте сакталуу. Вена варианты 1439-жылы уйгур жазуусу менен жазылып, Герат шаарынан табылган, азыр Венадагы Клостернойбург Ройал китепканасында сакталуу; Каир жана Ташкент (Наманган) варианттары араб жазуусу менен жазылган. Каир варианты Катарда табылып, 14-кылымдын 1-жарымында Египеттеги Кедиван китепканасында көчүрүлгөн. Намангандан табылган үчүнчү нускасы азыр белгилүү болгон нускалардын эң толугу болуп эсептелет. Эстеликтин бул нускасы азыр Ташкенттеги Чыгыштаануу институтунун кол жазмалар фондунда сакталып турат. Дастандын түпнускасы араб жазуусу менен жазылган деген пикирлер бар. Каир варианты та'лик, ал эми ташкенттик варианты сулус кол жазмасы менен жазылган жана сулус та'ликтен мурдараак пайда болгон. Белгилей кетүүчү нерсе, бул дастандын тилинде араб-перс элементтери абдан аз.

«Кутадгу билиг» — чыгыш маданиятында кеңири тараган санат-насыят маанисиндеги этикалык-дидактикалык эмгек. Мазмуну жагынан дастан дидактикалык мүнөздө болуп, пәнд-намӑ катары сыпатталат. Чыгарма ыр жана кара сөз менен жазылган.

Бул жанрдын тарыхы байыркы Египет, Индия, Иран адабияттарынан башталып, кийин жалпы чыгыш элинин жазуу, оозеки адабиятында салттуу формасына айланган.

Кыргыздар жана башка түрк тилдүү элдер «Кутадгу билиг» дастанын өздөрүнүн жазма адабиятынын алгачкы түрк-мусулмандык шедеври деп эсептейт. «Кутадгу билигдин» жаралышы менен жаңы жазма тил пайда болгон. Ал — түрк тили, Караханиддер мамлекетинин чыгыш тарабынын карлук-уйгур жазма тили. Бул тил түрк тилиндеги адабияттардын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген.

Түрк тилинде жазылган эмгектердин дагы бир көрүнүктүүсү, түркологиянын башаты катары сыпатталып жүргөн «Дивани лугат-ат түрк» да ушул мезгилдерге таандык. Анын автору — Махмуд Кашгари. Чыгыштаануу илиминде Махмуд Кашгари эң алгачкы илимпоз-түрколог деп да, XI кылымдагы түркология илиминин «Радлову» катары да бааланып жүргөнү белгилүү. Аны бул деңгээлге жеткирген — аталган эмгеги. Ал далай жерлерди кыдырып, зор эмгек кылып топтогон материалдарынын негизинде түрк тилдери, диалектилери менен наречиелерин алгачкылардан болуп илимий негизде сыпаттоого кадам койгон аалым болуп эсептелет. Бул үчүн анда жогорку деңгээлдеги илимпоздук даярдыктын болуш зарылдыгы айтпаса да түшүнүктүү.

Бул жерде сөз анын араб тилин мыкты билгени менен гана чектелбейт. Негизги фактор — орто кылымдарда араб тил таануусу илим катары бир кыйла деңгээлде өнүккөндүгү. Окумуштуулардын пикирлерине таянсак, араб лингвистикалык системасы ошол доордо өз заманынын алдыңкы лингвистикалык салттарын жараткан. Демек, арабдардын лингвистикалык илимий салты Махмуд Кашгаринин сөздүгүнүн жаралышына чоң таасир тийгизбей койгон эмес. Ал, маселен, Халил ибн Ахмед Фархудинин биздин күндөргө жеткен эң байыркы грамматика, араб тилинин түшүндүрмө сөздүгү болгон «Китаб альайн» эмгегин жакшы өздөштүргөнү айтылып келе жатат. Кашгари «Дивандын» кириш бөлүмүндө өзү да эскерип, Халил аль-Фархудинин гипотетикалык сөз бирдиктерин кошуп сөздүк түзүү ыкмасын колдонуу ою болгонун көрсөткөн [6, 56-б.]. Бирок аль-Халилдин ыкмасын априори тандаганы менен, ал ыкма түрк тилдерине ылайык келбегендиктен, андан баш тарткан. Албетте, түрк тилдери араб тилинен айырмаланып агглютинативдүү тилдер системасына кирери, түрк тилдери үчүн араб тилинин унгулуу тыбыштар системасы туура келбей турганы жөнүндөгү тыянактар Махмуд Кашгариге белгисиз болгон. Ошентсе да, этиштин мамилелери менен чактарынын жасалышы боюнча түшүндүрмөсүнөн окумуштуу эки тил системалык-типологиялык жактан айырмалана турганын, араб тилинин бардык эле мыйзам ченемдүүлүктөрү түрк тилдерине ылайык келе бербестигин баамдаганы көрүнөт.

Кашгари өз доорунун дагы бир топ философ, тилчи, тарыхчы, географ, теолог ж.б. ойчулдарынын эмгектери менен да дурус тааныш болгон. Маселен, Берунинин мурастары, Орто Азиялык арабист-тилчи Абу Ибрахим Исхак Фарабинин араб тили боюнча сөздүгү «Диван ал-адаб» менен жакшы тааныш болгонун изилдөөчүлөр белгилешкен. Алсак, изилдөөчү Г. Бергштрассер өз макаласында М. Кашгаринин сөздүктү түзүүдөгү ыкмасы аль-Фарабинин эмгегине негизделгенин биринчилерден болуп көрсөткөн. Анын бул пикирин кийинчерээк К. Броккельман, Ж. Келли, А. Халидов сыяктуу арабист-окумуштуулар да ырасташкан [6, 57-б.]. Египеттик окумуштуу Ахмад Мухтар Омар тарабынан жарыяланган «Диван ал-адабда» жыйырма төрт миңдей лексикалык бирдик камтылып, алты «китептен» турган экен. Анда арабча сөздүн арабча түшүндүрмөсү берилип, көп учурда сөз иллюстрациялык мисалдар менен жабдылган. Ал эми сөздөрдү жайгаштыруу тартибин алсак, сөздөр унгулук консонанттардын алфавиттик тартибинде берилген. Махмуд Кашгари «Диванда» лексикалык бирдиктерди берүүнүн дал ушундай ыкмасын, т.а., сөздөрдү алфавиттик тартипте жана иллюстрациялык материалдар менен жабдып берүү ыкмасын колдонгон жана ал методика алгылыктуу болгон.

«Диван лугат ат-түрк» кириш бөлүмүндө түрк тилдерин үйрөнүүнүн мааниси, бул эмгек кимге арналганы жана багытталганы, автордун түрк элдери жана уруулары жашаган аймактарды кыдырып материал топтогону, сөздүктү түзүүдөгү методикасы, түрк элдери кол-

донгон он сегиз тамгалуу алфавит, түрк элдери менен урууларынын аталыштары, жашаган аймактары, алардын тилдеринин эң алгачкы илимий классификациясы боюнча маалыматтар камтылган. «Диван» формалык жактан алганда сөздүк тартибинде түзүлгөн. Анда, жалпысынан, түрк элдеринин тилдеринен тандалып алынган 7500 лексикалык бирдик (сөз) камтылган. Сөздөр уңгусунун алфавиттик тартиби боюнча уячаларга жайгаштырылып, ар бир сөздүн арабча котормосу орун алган. Жөн гана котормо берилбестен, көп учурда кеңири түшүндүрмө, иллюстрациялык мисалдар менен коштолгон. Эмгекте түрк тилдериндеги айрым бир грамматикалык мыйзам ченемдүүлүктөр айкындалып, диалектилик, топонимдик жана географиялык маалыматтар да берилген. Демек, Махмуд Кашгари дал ушул эмгеги менен түрк тилдүү элдердин өз доорундагы энциклопедиясын түзүү боюнча бийик ой-мүдөөнү турмушка ашырган.

Жалпылап алганда, Караханиддер доору маданият жана илим жогорку деңгээлде өнүгүп өскөн маал болуп, байыркы Кытай, Египет, Рим цивилизациялары сыяктуу эле Түрк цивилациясы өз доорун сүргөн деп айтсак, аша чапкандык болбойт. Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиги» жана Махмуд Кашгаринин «Диван лугат-ат түрк» эмгеги — дүйнөлүк руханий мурастын, түрк адабиятынын, маданиятынын жана илиминин залкар эстеликтери. Алар лингвистикалык, фольклористикалык, тарыхый-этнографиялык булак катары азыркыга чейин илимпоздордун кызыгуусуна объект болуп келе жатканы жана боло берери шексиз.

**Адабияттар**


1. *Abdırazakov A. Türk Atanın baldarı bolsok... ce ruh başattarı. / A. Abdırazakov. — Ankara 1995. — 183 б.*

2. *Махмуд Кашгари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы. Китепте: Кыргыздар. 2-т. / Түзгөн: К. Жусупов. — Бишкек, 1991. — 428–441-бб.*

3. *Махмуд ибн Хусейин Кашгари. Түркий тилдер сөз жыйнагы (Диван лугат ат-түрк). Китепте: Кыргыздар. 2-т. / Түзгөн: К. Жусупов. — Бишкек, 1991. — 441–459-бб.*

4. *Наджип Э. Н. Кыпчакско-огузский литературный язык мамлюкского Египта XIV века. Автореф. дис. докт. фил. наук. / Э. Н. Наджип. — Москва, 1965. — 94 б.*

5. *Стеблева И. Түрк тилиндеги байыркы адабият. Китепте: Кыргыздар. 2-т. / Түзгөн: К. Жусупов. — Бишкек, 1991. — 410–428-бб.*

6. *Чороев Т. К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы» / Т. К. Чороев. — Фрунзе, 1990. — 92 б.*

7. *Усмамбетов Б., Кыргыз тилиндеги материалдык маданиятка тиешелүү сөздөрдүн лексика-семантикалык тобу / Б. Усмамбетов // К. Карасаев атындагы БГУнун жарчысы. — 2011. — № 2 (19). — 241–243-бб..*